КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

БАЛЫКЧЫ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БАЛЫКЧИНСКАЯ ТЕРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

**17.04.2021 ж.**

**Балыкчы ш.**

**ЧЕЧИМ** №42

**Катышкандар:**

**Исмаилов У.И- АШКнын төрагасы;**
**Мамбетова А.Б- АШКнын катчысы;**
**АШКнын мүчөлөрү:- Абдраева А, Мусагулова Д, Муканбетова В, Токтобекова Г, Сейдинова Д, Кыдыралиев М, Кыдырова Ч, Жанекова А.**
**УШКнын төрагасы: Жолукеева Б - №3012:**

## КҮН ТАРТИБИ:

**2021-жылдын 11-апрелинде өткөрүлгөн Кыргыз Республикасынын Балыкчы шаарынын жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоосунда жана Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоору боюнча референдум (жалпы элдик добуш берүү) учурундагы кырдаал боюнча "Клооп Медиа" коомдук фондунун №3012 участкалык шайлоо комиссиясына жазылган даттануусун кароо жөнүндө.**

**Угулду:** Күн тартибиндеги маселе боюнча АШКнын төрагасы У.Исмаилов сөз сүйлөдү:- 2021-жылдын 11-апрелинде өткөрүлгөн Кыргыз Республикасынын Балыкчы шаарынын жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоосунда жана Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоору боюнча референдум (жалпы элдик добуш берүү) учурундагы кырдаал боюнча "Клооп Медиа" коомдук фондунун №3012 участкалык шайлоо комиссиясына даттануу келип түшкөндүгүн айтып өттү.

"Клооп Медиа" Коомдук фондунун кабарлоосунда көрсөтүлөт:

1. №3012 УШКнын байкоочулары бул шайлоо комиссиясында **референдумга** алынган бюллетендердин саны - 1771 бюллетень экендигин, ал эми БШКнын сайтындагы жайгашкан бюллетендердин саны - 1932 экендигин;
2. Референдумга катышкан шайлоочулардын саны - 1768, ал эми БШКнын сайтында референдумга катышуучулардын саны – 1929 экендигин;
3. Жокко чыгарылган бюллетендердин саны – 994бюллетень, ал эми БШКнын сайтында 1155 бюллетень экендиги кабарланган;

**Жарыш сөзгө: № 3012** участкалык шайлоо комиссиясынын **төрайымы Б. Жолукеева** сөз алып, төмөнкүлөргө токтолду:

Биринчи маселеде көрсөтүлгөн референдумдун бюллетендеринин саны боюнча УШКна алынган бюллетендин саны- 1932 экендиги анык, ал эми "Клооп Медиа" көрсөткөн 1771-бюллетень жергиликтүү кеңештин шайлоосуна алынган бюллетендердин саны- бул жерде бюллетендердин санын алмаштыры алышкан;

Экинчи маселе боюнча ошондой эле референдум менен жергиликтүү кеңештин шайлоочуларынын саны алмашып жазылганы көрүнүп турат:

- Референдум боюнча шайлоочулардын саны- 1929 шайлоочу:

-Жергиликтүү кеңештин шайлоочуларынын саны-1768 шайлоочу;

Үчүнчү маселе боюнча референдум боюнча:

- жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин саны – 1155 бюллетень экендигин айтып берди.

Коомдук фонд “Клооп Медиа” билдирүүсүндө көрсөтүлгөн №3012 УШКда шайлоо процесси бузулду дегенге эч кандай негиз жок.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап аймактык шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**

1 “Клооп Медиа” коомдук фондунун даттануусу боюнча шайлоону жокко чыгарууга негиз жок экендиги белгиленсин.

2. Ушул чечимдин көчүрмөсү “Клоп Медиа” коомдук фондусуна жөнөтүлсүн.

**Төрага** **У Исмаилов.**

**Катчы:** **А Мамбетова**